Ж.Маматжанов атындагы №58 орто мектебинин камкорчулук кенешинин чогулушунун №1

ПРОТОКОЛУ

Макаренко айылы 18.02.2022-ж

Чогулушка катышканы 19

Күн тартибиндеги каралуучу маселелер.

1. Камкорчулук кенешин уюштуруу

Угулду: Чогулушту мектеп директору Тойкулова Мерикан эжеке ачып,чогулушка келген коноктор менен саламдашты.Чогулушка чакыруунун себеби мектепте камкорчулук кенешин уюштуруу максатында экенин айтып, камкорчулук кенешменин мүчөлөрүн шайлап алардын милдеттерин айтып мындан кийин мектептин жалпы чарбалык иштерин алдыга жылдыруу,алдынкы мугалимдерди жана алдынкы окуучуларды колдоо жагы камкорчулук кенешинин мүчөлөрү аркылуу чечилерин баса белгиледи.Мыйзамда бардык айылдын тургундары камкорчулукка уюштурууга чакыруу мүмкүн эмес экендигин жана ишмер,колунда бар тургундарды гана чакыруу мүмкүн экендигин баса белгиледи.Камкорчулук кенештин мүчөлөрү шайлангандан кийин мектепке кандай жардам керек болсо мектеп жетекчилер тарабынан билдирүү жазуу менен камкорчулук кенештин мүчөлөрүнө кайрыларын андан кийинки маселени бир ган камкорчулук кенештин мүчөлөрү чечерин жана мектеп жетекчиси тарабынан печать жана кол коюп берерин айтты.

Директор билим сапаты жана олимпиада жөнүндө жана камкорчулук кенешке мүчөлөрдү уюштуруу электрондук которуу боюнча да маалымат берди

Эн алгач эле мектепке окуучуларга ыссык тамак уюштуруу экендигин айтып, ыссык тамак окуучунун иммунитетин көтөрөт жана сабакка болгон кызыгуусун арттыраарын баса белгиледи.

Жарыш сөздөргө айыл тургунундары Калмамат аке чыгып мектептин чарба иштерине мамлекет гана эмес айыл тургундары да жардам берсек деп ойлойм деп өз ойюн айтты.

Садырбеков Бакыт мектептин сырткы көрүнүшүнө,аткарылган иштерге баа берип,мугалимдерге жана мектеп жетекчиси Тойкуловага ыраазычылык билдирүү менен айыл тургундары да кол кабыш кылып,камкорчулук кенешин түзүү мектеп үчүн керек экендигин баса белгилеп,колдоорун билгизди ,жана чогулушка келген айыл тургундарын да уюштурууга чакырды.

Сканировано с CamScanner

Кийинки сөзгө айыл башчы Анарбаев Талант чыгып сүйлөдү: Мугалимдерден акча чогултпоо,спонсор кылбоону,алардан билим сапатын гана талап кылууну сунуштады. Эл сом ачып группа түзүү керектиги жана комкорчулук кенешин уюштурууга толук кошуларын айтты.

Андан кийинки сөзгө Төрт-Көл айылдык кенешинин төрагасы Мураталиев Бакыт мектептин айлана чөйрөсүн көрктөндүрүү боюнча жергиликтүү бюджеттен да бөлдүрүүнү жана камкорчулук кенешин түзүү зарыл деп эсептейм.Макаренко айылынын депутаттары да жардам беребиз деген ойлорун ортого салды.Ошондой эле айыл тургуну Даутов Алишер мектеп жамаатына ийгиликтерди каалоо менен бирге уюштуруу иштерине толук жардам берип,иштеп берем деп убада берди.

Камкорчулук кенештин мүчөлүгүнө:

Төрага: Садырбеков Б

Катчы: Кадыралиева М

Бухгалтер: Массабирова Р

Мүчөлөрүнө:

1. ~~Абдраимов Улан~~
2. Бегалы к Мээрим
3. Кайымов Раим
4. Кадыров Сыргабай
5. Ташматов Ирайим +
6. Жолдошбаев Нургазы
7. Матраимов Марип
8. Акматов А
9. Абакиров Сайпидин
10. Исмаилов Калмамат
11. Ботобаев Эмилбек
12. Ормошов Аландарды көрсөтүшүп бир добуштан колдошту.

Сканировано с CamScanner

ТОКТОМ КЫЛАТ.

1.Мектепте камкорчулук кеңешин уюштуруу жана иштөөсүн колго алып,көзөмөлдөө жагы камкорчулук кеңештин төрагасы Садырбеков Бакытка милдеттендирилсин.

1.Мектепке камкорчулук кеңешинен түшкөн акча каражаттарын туура пайдалануу жагы камкорчулук кеңештин катчысы Кадыралиева Миргулго жана Массабирова Райлага жүктөлсүн.

Мектеп директору: Тойкулова М.

Катчы: Суайманова А.

Сканировано с CamScanner